УДК 297

**Досалиева Кайрыгуль Эсембековна**
И.Арабаев атындагы КМУнин Теология кафедрасынын магистранты,
**Досалиева Кайрыгуль Эсембековна**
Магистрант кафедры Теологии КГУ им.И.Арабаева,
**Dosalieva Kairygul Esembekovna**
Master student of the Department of Theology of the KSU named after I.Arabaev

# ИСЛАМДЫК ПСИХОЛОГИЯ: ПРЕДМЕТИ ЖАНА СТРУКТУРАСЫ

# ИСЛАМСКАЯ ПСИХОЛОГИЯ: ПРЕДМЕТ И СТРУКТУРА

# ISLAMIC PSYCHOLOGY: SUBJECT AND STRUCTURE

**Аннотация:** Бул макалада исламдык психологиясынын келип чыгышы - Ыйык Куран жана Мухаммад "ага Аллахтын салам-салаваттары болсун" пайгамбардын сүннөтү экендиги баяндалган жана ага кыскача аныктама берилген. Исламдык психологиясынын кыскача өнүгүү тарыхы келтирилген.

**Аннотация:** Это статья описывает истоки исламской психологии – Священный Куран и Сунну Пророка Мухаммада "мир ему и благословение Аллаха" и дает краткое определение. Приведена краткая история развития исламской психологии.

**Annotation:** This article describes the origins of Islamic psychology – the Holy Quran and the Sunnah of the Prophet Muhammad "peace and blessings of Allah be upon him". A brief history of the development of Islamic psychology is given.

**Түйүндүү сөздөр:** Исламдык психология; Эл аралык мусулман психологдор ассоциациясы; Эл аралык ислам психология ассоциациясы; Мусулмандарга психологиялык жардам ассоциациясы.

**Ключевые слова:** Исламская психология; Международная ассоциация мусульманских психологов; Международная ассоциация исламской психологии; Ассоциация психологической помощи мусульманам.

**Keywords:** Islamic psychology; International Association of Muslim Psychologists; International Association for Islamic Psychology; Association for Psychological Assistance to Muslims.

Исламдык психология – дүйнөнүн исламдык бейнесине негизделген, идеологиялык постулат катары колдонулган жана мусулман кардарларына диний ишенимдерин эске алуу менен консультация берүүнүн психологиялык ыкмаларын жүзөгө ашырган колдонмо жана практикалык илим. Башкача айтканда, исламдык психология – бул исламдык илимге бекем фундаментке негизделген теория жана практика, экинчи жагынан, ал иштелип чыккан кенеш берүү тажрыйбасын озунун ыкмаларына киргизет [10]. Психологиялык консультация берүүдөгү 400дөн ашуун тажрыйба жана ыкмалар иштелип чыккан. Алардын көпчүлүгү буга чейин мусулман кардарлары үчүн ылайыкташтырылып, Россияда жана чет өлкөлөрдө адистер тарабынан ийгиликтүү ишке ашырылып келе жатат. Учурда араб дүйнөсүндө психология түшүнүгү үчүн ильм ан-нафс ("жан жонүндө илим") терминин колдонушат, ал эми психологду ихсаи нафси ("жан боюнча адис") деп аташат. Ислам өлкөлөрүндө психология исламга каршы келбей ислам парадигмасында онүгүп жатат. Батыштын көптөгөн

психологиялык концепциялары дүйнө тааным постулаттары секулярдык мүнөздө болушу же мусулмандык жашоо образынын баалулуктарына карама-каршы келиши мүмкүн экендигин адистер эми түшүнүп калышты. Ошондуктан, психологдор өз ишмердүүлүгүндө исламдын инсандык концепциясын ишке ашыруу максатында ыкмаларды жана тажрыйбаларды кайра карап жатышат. Бул ислам концепциясы инсанды өнүктүрүүнүн 3 параметрлерин түшүнүүгө негизделген: физикалык, психикалык жана руханий. Жана ушул 3 параметр аркылуу консультациялык ыкмаларды ишке ашырат. Ислам психологиясы менен исламдагы адеп-ахлак жонүндөгү ойлор кандайча бири-бирине байланыштуу деген суроо туулат жана бул абдан маанилүү суроо. Анткени, көрүнүктүү мусулман окумуштуусу Аль-Фараби жазгандай, адам амалдарды жана адилеттүү иш-аракеттерди жүзөгө ашырган жан дүйнөсү - жакшы сапаттар, ал эми жаман иштерди жана көзгө көрүнбөгөн иш-аракеттерди жасаган жан дүйнөсү – бул терс көрүнүштөр. Демек, ал ислам этикасын же ахлакты адамдын жан дүйносүнүн абалы жөнүндөгү илим, башкача айтканда, ислам психологиясы деген аныктама берген. Араб тилинде ахлак термини “этика”, “адеп” дегенди билдирет. Ахлак – бул “мүнөз”, “табият”, “кулк-мүнөз” маанисиндеги хулук сөзүнүн көптүк мааниси. Ахлак – араб сөздөрү халик (Жаратуучу) жана махлук (жаратылган) сыяктүү сөздөр менен тектеш сөз. Ошентип, ахлак Жараткан жана Анын жаратуулары менен тыгыз байланышты болжолдойт. Мухаммад “ага Аллахтын салам-салаваттары болсун” пайгамбар аркылуу Исламды жиберүүнүн максаты – момундун мүнөзүн жакшыртуу: Абу Хурайрадан [Пайгамбар “ага Аллахтын салам-салаваттары болсун” мындай деди]: “Мен жакшы адеп-ахлакты толуктоо үчүн жиберилгенмин” [3, 155б.]. Бул Мухаммад “ага Аллахтын салам-салаваттары болсун” пайгамбардын хадиси жана анда ыймандуу адамдын жашоосундагы, ар бир мусулман үчүн өтө маанилүү, негизги максат анын адеп-ахлагын өркүндөтүү жана ушул мааниде мусулман адеп ахлагын, башкача айтканда, адам кандай иш-аракет кылышы керектиги жөнүндө илим айтылган. Башкача айтканда, идеалында бул мусулманга мүнөздүү болушу керек болгон норма. Психология чындыкты сүрөттөйт жана адамдын чыныгы иш аракеттерине, эмоцияларына, сезимдерине жана кыймыл аракет мотивдерине анализ берет, ошондой эле өзүңүзгө жана башкаларга кыйынчылыктарды жана азаптарды алып келген иш аракеттерди кантип оңдоо керектигин түшүнөт. Демек, ахлак, башкача айтканда мусулман этикасы жана ислам психологиясы бири-бири менен тыгыз байланышта, анткени алар адамдын жан дүйнөсүнө жана иш аракетине байланышкан жалпы таанып билүү предметине ээ. Эки илим тең адамдын руханий өнүгүүсүндөгү жана анын иш аракеттериндеги четтөөлөрдү иликтейт. Бирок эгер этика адам кандай болуш керектигин үйрөтсө, анда ага кандайча жетишүү керек экендинин психология, башкача айтканда, психология чыныгы адам деген эмне экендигин, адеп-ахлактык идеалга жетүү үчүн кандай көйгөйлөр менен иштеши керек экендигин изилдейт. Эгерде психологиялык билимди колдонбосо, анда ал көрсөтмө менен гана чектелип, адеп-ахлактык инсанды тарбиялоо максатына жете албайт, б.а. этика көрсөтмө мүнөзгө ээ, ал эми психология түшүндүрмө мүнөзгө ээ.

Ислам психологиясынын келип чыгышы, албетте, Ыйык Куран, мусулман адам Куран жана Мухаммад “ага Аллахтын салам-салаваттары болсун” пайгамбардын сүннөтүнөн алган илим. Муну түшүнүү абдан маанилүү, анткени Куран – ар бир мусулман адам үчүн илимдин негизги булагы. Курандан алынган илим ыймандуу адамдын жүрүм-турумуна, ойлоруна, иш-аракеттерине чоң таасирин тийгизет. Куранда психология жаатында көптөгөн маалыматтар камтылган. Бул маселе боюнча аны түшүнүү жана ага кайрылуу абдан маанилүү. Куранда адамдын иш-аракеттеринин мотивдери, анын иш-аракеттери, адам кайсы бир кырдаалда өзүн кандай алып жүрүшү керектиги жана эмне үчүн ал дайыма мындай жүрө бербейт жөнүндө

көптөгөн маалыматтарды камтыйт. Бул илимди хадистерди билуу менен бекемдөө керек, анткени көптөгөн хадистер мусулмандын кулк-мүнөзүн жакшыртууга арналган, бул Ислам дининин жөнөтүүнүн негизги максаты жана биз өзүбүз үчүн көптөгөн маалыматтарды ала алабыз.

Ислам психологиясы жөнүндөгү билим көптөгөн мусулман окумуштууларынын эмгектеринде камтылган. Бул мусулман аалымдары исламдык ой жүгүртүүнүн ар башка мектептерине жана багыттарына таандык. Абу Юсуф Исхак Аль-Кинди (801-873)– мусулман ой жүгүртүүсүнүн философиялык өнүгүшүнүн өкүлү, көрүнүктүү илимпоздордун катарындагы биринчи окумуштуу, биринчи мусулман психотерапевти деп эсептелинет. Аль-Кинди энциклопедист-окумуштуу, көптөгөн (250гө жакын) трактаттардын, анын ичинде “Акыл жөнүндө”, “Жан дүйнө жөнүндө дискурс”, “Кайгыдан кантип кутулууга болот” деген эмгектердин автору. Аль-Кинди өз эмгектеринде практикалык сунуштарды берет. Ар бир мусулман турмуштун оор учурларында колдоо издеп кайрылуу үчүн аль-Киндинин “Кантип кайгыдан арылууга болот” [2, 6б.] деген трактатынан 10 эрежени басып чыгарып коюш керек. Себеби ал кайгыруу бирөөнүн аракетинен улам келип чыгып, сиз капаланып жатсаңыз, анда мурунку кайгыдан кийин өзүбүздү кантип сооротконубузду эстеп, кайгырууну унутууга жеткиришибиз керек деп жазат. Кайгы - бул убактылуу нерсе, кайгы-капаны башынан өткөргөн адамдар да кубана алышат, көңүл ачышат. Башка жагынан алганда, жамандыктар жана кыйынчылыктар биздин жашообуздан ажырагыс нерсе, ошондуктан адам кыйынчылыктар жана азап-кайгы болгон дүйнөдө жашоону үйрөнүшү керек – дейт аль-Кинди.

Аль-Киндинин окуучусу көрүнүктүү мусулман аалымы Абу Зайд аль-Балхи (850-934) болгон. Бул илимпоздун эмгектерине кайрылсак [1, 3б.], 9-кылымда эле мусулман илимпоздору психологиялык ой жүгүртүүнүн ушунчалык жогорку деңгээлине жеткендигин, батыш психологдору 19-20-кылымдарда жетишкендигин түшүнүшөт. Аль-Балхи өзүнүн эмгектеринде көптөгөн психологиялык ачылыштарды жасагандыктан, психологиялык медицинанын генийи, психосоматикалык медицинанын баштоочусу, когнитивдик терапиянын баштоочусу деп аталат. Аль-Балхи биринчи жолу невроздорду жана психоздорду так айырмалап, психикалык бузулууларды классификациялап, 1969-жылы Д.Уолп тарабынан иштелип чыккан өз ара (реципрокное торможение) тормоздукка толугу менен дал келген терапияны иштеп чыккан. Ал учурда бардык эл аралык классификацияларда кабыл алынган депрессиянын түрлөрүнүн так классификациясын берди. Ал өзүнүн эмгектеринде аларды иш жүзүндө колдоно алган психологдорго дагы, мусулмандарга дагы пайдалуу болгон көптөгөн практикалык кеңештерди жана сунуштарды берген. Анын чыгармаларында айткан абдан маанилүү билдирүүсү – депрессия менен иштөөдө татаал маселелерди жана турмуштук кыйынчылыктарды чечүүдө адамга адис психолог менен байланышуу керек деген ошол учурдагы эң заманбап билдирүү. Аль-Балхи 9-кылымда адам көйгөйлөргө болгон субьективдүү көз карашынан улам өзү көтөрө албай турган көйгөйлөр бар жана бул көйгөйлөрдү чечүүдө бир гана адис жардам берет деп айткан. Жана бул жардам адамдын өзүнүн терапиялык ойлорун ички аракетинде генерациялоого караганда натыйжалуу болот.

Абу Хамид аль-Газзали (1058-1111) ислам психологиясы боюнча дүйнөдөгү эң белгилүү адистердин бири деп эсептелет. Анын чыгармалары азыркы дүйнөнүн көптөгөн тилдерине которулган. Анын чыгармаларында адамдын ички дүйнөсүнө, жөндөмдөрүнө, каалоолоруна, истинкттерине, мамилесине, мүнөзүнө жана башка көптөгөн аспектилерге көп көңүл бурулат. Анын эмгектери көптөгөн мусулман аалымдарына чоң таасирин тийгизген жана

анын эмгектери азыркы мусулман психологдорунун арасындагы ар кандай психологиялык ыкмалардын концепциясын түзүүдө колдонулган. Ал жакшы мүнөзгө ээ болуу жана аны кандайча адептүү жүрүм-турум жана ойлоруңузду өзгөртүү аркылуу жазат. “Билим жүрөккө киргенде, жүрөктүн абалы өзгөрөт, органдардын функциялары да өзгөрөт. Функциялар жүрөктүн абалына, ал эми жүрөктүн абалы билимге. Ал эми билим ойго баш иет. Ошондо ой бардык жакшылыктардын башталышы жана ачкычы болот”. “Иштер таразасы” трактаты – бул адамдын ички дүйнөсүнүн энциклопедиясы, анда аль-Газзали биз үчүн терең психолог, изилдөөчү жана адамдын жан дүйнөсүн билген адис катары чыгат. “Жүрөктүн ички сырларын иликтөө” – ислам психологиясындагы эң маанилүү эмгектердин бири. Бул илимдин пайдубалын түптөө менен аль-Газзали мүнөздүн өзгөчөлүктөрүнө жана айлана-чөйрөнүн таасирине көңүл бүрган, бирок баарынан мурда ал инсандык жүрүм-түрүмдүн тымызын мотивдерин изилдеген. Албетте, көрүнүктүү “Дин илимдерин жандандыруу” эмгеги, анда адамдын психологиялык абалы жана инсандын психологиялык муктаждыктарын чечүү жолдору жөнүндө маалымат ала алабыз. “Китепте напсини тарбиялоо, жеп ичүү жана жыныстык кумарды жөнгө салуу, тилдин апааттары, кек сактоо, дүнүйөнүн маани-маңызы, сараңдык, дүнүйө жана мансапты жакшы көрүү, эл көрсүндүк, текебердик, менменсинүү сыяктуу маселелер да камтылган. Имам Газзали бул темаларды талдоого алганда адеп-ахлак жана тасаввуф адабиятынан кеңири пайдалануу менен бирге психологиялык, педагогикалык анализ жүргүзүүдө зор ийгилике жетишкен. Имам Газзали өзү айткандай адеп-ахлактык ооруулардын психологиялык жана социалдык себептерин жана анын айыктыруунун жолдорун көрсөтүүдө ар кандай деңгээлдеги окурмандарын өздөрүнүн жан дүйнөсүн жакшы таанып, ички туюмдарын жана эркин козгоого үндөйт”, - деп жазган Чүбак ажы Жалилов [8, 6б.].

Заманбап мусулман дүйнөсүндө исламдык психология 20-кылымда экинчи өмүрүн таап, бүгүнкү күнгө чейин жигердүү өнүгүп келе жатат. Эл аралык Мусулман Психологдор Ассоциациясы 2006-жылы профессор Малик Бадри тарабынан негизделген жана учурда аны доктор Багус Районо (Джакарта, Индонезия) жетектөөдө[11, 145б. ]. Бул эл аралык ассоциация дүйнөнүн төрт бурчунан келген адистерди бириктирип, жыл сайын исламдын жана мусулмандарга психологиялык жардамдын алкагында психологияга арналган конференцияларды жана бирим берүү программаларын өткөрөт. Доктор Б.Районо Гаджа Мада университетинде сабак берет жана ислам психологиясында төмөнкү багыттарды камтыган изилдөөлөрдү жүргүзөт: мотивация, инсан, лидерлик жана уюштуруучулук өнүгүү.

Экинчи эл аралык уюм – Эл аралык Ислам Психология Ассоциациясы 2017-жылы түзүлгөн, анын негиздөөчүсү жана президенти белгилүү доктор Малик Бадри (1932-2021). Малик Бадри – Ислам канондорунун өзгөчөлүкторүн жана мусулмандардын маданиятын эске алып, психологияны изилдей баштаган алгачкы илимпоздордун бири. Малик Бадри – психология боюнча профессор, кафедра башчысы, факультеттин деканы жана вице-канцлердин милдетин аткаруучу болуп ар кандай эл аралык университеттерде эмгектенген. ЮНЕСКО психология боюнча эксперти (Педагогика Институту, Эфиопия (1973-74)) жана салттуу медициналык практика комитетинин ВОЗдун эксперти (1980-84). Китептердин жана көптөгөн макалалардын автору, ал көптөгөн сыйлыктарга ээ болгон, анын катарында 2003-жылы академиялык жетишкендиктер үчүн Зубайр сыйлыгы, Судандын эң жогорку академиялык сыймыгы болгон. Бул ассоциацияга дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн, дүйнөнүн салттуу мусулман аймактарынын гана эмес, АКШнын, Улуу Британиянын, Россиянын жана башка өлкөлөрдүн адистери кирет. Анын эки эмгеги орус тилинде азербайджандын “Идрак” (Баку) басмаканасында “Ой жүгүртүү. Адамдын психикасын жана

жан дүйнөсүн изилдөө” [6] жана “СПИД кризиси” [7] жарыяланган. 2018-жылы Москва шаарында Мусулмандарга Психологиялык Жардам Ассоциациясынын аракети менен профессор М.Бадринин эки китеби басылып чыккан: “Мусулман психологдорунун дилеммасы” жана “Мусулман кардарларына кибердик кеңеш берүү”. Орус тилине которулуп, алар “Ислам психологиясынын теориясы жана практикасы” [5] жыйнагында басылып чыккан. Ушул бирикменин адистери өз эмгектеринде психологиялык консультацияга исламдык ыкмаларды ишке ашырышат. Алар ошол идеяларды жана психологиялык илимий билим менен исламдык ойду интеграциялоо милдеттерин жигердүү жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берген билим берүү программаларын, долбоорлорду жарыялашат. 2018-жылы Стамбулда ушул ассоциациянын уюштуруу конференциясында психология ислам илиминин, Куран жана Сүннөттү, суфизмди терең изилдөөнүн жана илгерки мусулман аалымдарынын эмгектеринин негизинде өнүгүшү керек деп айтылган. Ошол эле учурда ислам аалымдары батыш психологиясы жаатындагы акыркы жетишкендиктерди жана өнүгүүлөрдү эске алышы жана колдонушу керек, анткени батыш психологдору бардыгын талдап, эмпирикалык жана эксперименталдык жол менен изилдөөгө умтулушат: “Эгерде батыштагы адамдар орозо тутушса, алар Рамазан айында орозо кармоо жөнүндө көптөгөн илимий макалаларды жазышмак. Ал эми мусулмандар аз илимий макала жазышат.” Демек, ислам билимин психология аркылуу жаңыртуу зарыл. Исламга жана илимий билимге, исламдык психологияга жана башка илимдерге каршы чыгуу мүмкүн эмес. Диний ишмерлер менен психологдордун ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүү, бири-биринин ишмердүүлүгүнө экспертиза жүргүзүү керек. Ислам психологдору сабырдуу жана мээримдүү болушу керек; адамдардын аң сезимин акырындык менен өзгөртүү, алардын руханий өсүшүнө жана өнүгүүсүнө салым кошуу керек, -деп жыйынтыкташты конференциянын катышуучулары [9].

2017-жылдын 29-сентябрында Россияда “Ислам: Психологиялык туруктуулук жеке жана социалдык жыргалчылыктын негизи” аттуу Биринчи Бүткүл Россиялык илимий-практикалык конференцияда [4] Мусулмандарга Психологиялык Жардам Ассоциациясы түзүлгөн, башкарманын төрайымы Ольга Павлова, педагогика илимдеринин кандидаты, Москва мамлекеттик психологиялык-педагогикалык университетинин доценти, теология илимдеринин магистри. Ассоциациянын максаты - бул мусулмандардын актуалдуу психологиялык көйгөйлөрүн ийгиликтүү чечүү үчүн исламдык психологияны өнүктүрүүдө баардык кызыкдар адистердин (психологдордун, имамдардын, мугалимдердин ж.б.) иш-аракеттерин координациялоо жана аларга руханий багытталган психологиялык жардам көргөзүү. Бул ассоциация өз ишмердүүлүгүн Россиянын көптөгөн аймактарында жүргүзөт: Татарстанда, Башкортостанда, Крымда, Түндүк Кавказда, ошондой эле Россиянын башка шаарларында: Москвада, Санкт-Петербургда, Красноярскда, Оренбургда жана Рязанда жүргүзөт. Ассоциациянын ар кандай багыттары жана иш-аракеттери бар. Алар илимий изилдөө иштерин жүргүзүп, ВАКтын илимий журналында “Минбар. Islamic studies” жарыялашат. “Ислам, инсан жана биз” ассоциациясынын журналына өздөрүнүн жана бардык чет элдик кызыкдар адистердин макалаларын жарыялашат. “4-лайф” жана Поволжье үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү институтунун базасында “Мусулмандарга кеңеш берүү” квалификациясын жогорулатуу курстарын ишке ашырышат. Алар эки ишеним телефон аркылуу жардам көрсөтүшөт, анда ар кандай адистерден жардам сураса болот: психологдор, диний ишмерлер, дарыгерлер, мугалимдер жана ар кандай багыттагы долбоорлорду ишке ашырууга көмөктөшкөн көптөгөн коомдук ишмерлер. Алар адабияттарды жарыялашат, алардын көпчүлүгү ассоциациянын сайтында.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Аль-Балхи Абу Зайд. Жанга азык. Тогузунчу кылымдын врачынын когнитивдик жүрүм-турум терапиясы/ абу Зайд аль-Балхи; 9-кылымдын кол жазмасынын М.Бадри тарабынан которулган жана аннотацияланган; котор. Л.Мамедова. М.: Эл аралык Ислам Ой жүгүртүү институтуту, "Идрак" НПО, Мусулмандарга психологиялык жардам ассоциациясы, 2019. 110Б.

2. Аль-Кинди. Кантип кайгыдан арылууга болот. "Ислам. Инсан жана коом" журналы, №3, 2020ж. 103Б.

3. Ас-Суюты Дж. Аль-джами ас-сагыр. 155Б., №2583, "сахих", №2584, "сахих", №2585, "хасан" хадистер.

4. Бабич Г. Ислам: психологиялык туруктуулук жеке жана социалдык жыргалчылыктын негизи. Биринчи Бүткүл Россиялык илимий-практикалык конференция. [Электрондук ресурс]. http://islampsiholog.ru/novosti-pervaya-vserossijskaya-konferenciya-psihologicheskayaustojchivost-musulmanina/

5. Бадри М. Ислам психологиясынын теориясы жана практикасы. М.: Аль-Васатыя – умеренность; 2018. 268 б. [Электрондук ресурс]. http://islampsiholog.ru.xsph.ru/wp-content/uploads/2018/10/Dilema.pdf

6. Бадри М. Ой жүгүртүү. Адамдын психикасын жана жан дүйнөсүн изилдөө. Баку: CDS; 2008. 136Б.

7. Бадри М. СПИД кризиси: исламдын призмасы аркылуу социалдык-маданий көз караш. Баку: SVY; 2011. 276 б.

8. Имам Газали. Ихяу Улумид-дин, которгон К.Аманбаев, "Дилазык" басма үйү, 2019ж. 522Б.

9. Павлова О., Бариева Н., Баирова З. Чет өлкөдөгү ислам психологиясы: абалы жана өнүгүү келечеги. Minbar. Islamic Studies. 2018;11(4):850-865. https://doi.org/10.31162/2618-9569-2018-11-4-850-865

10. Павлова О. Ислам психологиясы: тарых жана заманбаптык/ КМШ өлкөлөрү үчүн IIIT лекциялар цикли/05.01.2021

11. Павлова О. Психология: Ислам дискурсу, Монография, М.2020ж., 209Б.

**Рецензент: филос. и. д., профессор Үтүров К.**